*Жусуп Айдартеги*



# МАНАСты
## ким курган?

Бишкек 2012

УДК 719
ББК 79.0
А 37

**Айдартеги Ж.**

А 37 Манасты ким курган. - Б.: 2012. – 30 б

**ISBN 978-9967-26-696-4**

**Кыргыз журтчулугунун ырыскысына ушундай инсандар арбын болсо экен деген тилек-максат менен жазылды.**

**2-басылышы**

А 4403000000-12 УДК719
ББК 79.0

ISBN 978-9967-26-696-4 © Айдартеги Ж., 2012

*Жусуп Айдартеги*

# МАНАСты
# ким курган?

Бишкек 2012



Кайып болуп кетүү дагы рахат болор,
Элиңе аз да болсо жасап берсең.
Майлуу өмүр сүрсөң дагы азап болор,
Жериңе эч нерсе кылбай кетсең.

## Салам, замандаш!

«Адамдын баары өзү үчүн, а баары үчүн ким?» деген экен орто кылым ойчулу Асан овлуя. Ушул күнгө чейин район-шаар, облус башына кимдер гана келбеди, алар эмне жасады, мына ошолордун жасаган жумуштарын таразага сала салыштырып олтуруп, өзүмдүн көңүлүм тарткагн адамым тууралу учкай сөз кылайын деп калдым. Ал Абдрахманов Гыламидин. Аны тирүү легенда десем, айрым бакылдык кылгандар (дегеним, Баткен тууралу китеп чыгарышып, Г.Абдрахмановдун атын да атабай коюшуптур) досу болгондон айтып жатат да деши мүмкүн. Жок, кудай акы андай эмес. Аны ким адилет баалай алса, Баткен району, бүгүнкү Баткен шаары үчүн күйүп бышып жумуш жасоодо алдына адам салбаган инсан экендигин даана айтаар эле, айтып да жүрүшөт. Ал жаш жетекчи болуп туруп, 1977-жылкы жер титирөөнүн кесепетинен улам Баткен районуна ОША-60 тибиндеги мектептер курула баштаганда, чуркап жүрүп, типтүү мектептин долбоорун таап келип, анын акчасын бөлүштүртүп, Базар-Башы айылындагы Крупская (азыркы С.Айтматов) атындагы мектепти курдурткан бардыгы эле билет бекен? Баткен шаарынын борборундагы музей деп (азыркы чыгармачыл балдар үйү) салынган имарат, маданият үйүнөн мейманканага чейинки маданият борбору деп салынган имараттар мамлекеттен акча албастан, биздин каармандын уюштуруучулугу менен курулгандыгын аваза кылып айтып жүрүшөт. Шаардын көркүн ачып турган таштан жасалган скульптураларчы? Кыргыз элинин эл аралык аренадагы тарыхый аброюн көтөрүү, түрк тектүү элдердин биримдигин тарыхый даректүү материалдар менен көрсөтүү максатында жасаган которморлору, чындап нар көтөргүс. Эки томдук «Манас» энциклопедиясына Манас тууралу баалуу даректүү, арбын материалдарды киргизип, аты-жөнү авторлордун көч башында турат. Уюштуруучулугун, чыгармачылыгын бүгүн пайдаланып калсак дурус болор эле. Жетекчи кызматтарда турганда, канчалаган жумуштарды башында туруп жасаткандыгын мындай койолу, ал жасаган жумуштарды атап кеткене эле, ал өзүн өзү өлбөс кылып алгандай. Анын баасы бүгүн болбосо да эртең бааланары шексиз. Ал эми Манас эстелигин мамлекеттен каражат албай куруудагы жасаган жумуштары, не деген укмуш, канчалык айтса жарашат. Ошон үчүн, ал тууралу учкай болсо да баян кылып берейин дегеним.

**Жусуп Айдартеги**



- ***Манасты ким курган?*** – дешет.

- Гыламидин Абдрахманов - дейм.

- ***Кантип, кандайча?*** – дешет.

- Жаратылыш мүнөзү "элим-жерим" деп калыптанган бул киши Манас баатыр бабабыздын айкелинин формаларын Тургунбай Садыков агабызды көндүрүп чыгарып келип, курулуш чыгымдарын өзү таап, иштөөчүлөрдү өзү уюштуруп, курулуш иштерин өзү башкарып бүтүрдү. Бул курулуш мамлекеттен каржыланган эмес. Ошон үчүн Манастын курулушу ага таандык, ошондон улам «Өзү курган», «Ал болбосо бул курулуш курулмак эмес» деп айтылат. Манас скульптурасын Баткен жерине орнотуу идеясы да ушул кишиники. Уюштуруучу да, курулуштун башчысы да, курулуш материалдарын камсыз кылган да, каржысын тапкан да, каржылаган да өзү. Төрт жыл бою өзүнүн үйүндөгү иш куралдарын, идиш-аяктарын, көрпө-төшөктөрүн, айлыгын, аялынын айлыгын, энесинин пенсиясын, жетпей калганда энесинин сактап жүргөн үч жылдык өрүгүн, өзүнүн жаңы алган машинасын сатып жиберип жүрүп Манасты тургузду. Бир үйүнө барсам, аяш энебиз айтат: «Ушундай да болобу, үйдө бир идиш калбады, көрпө-төшөктү, короодогу койду, кампадагы данды ташып кетип эле жатат, билбейм Манасты тургузуп жатабы, же тойгузуп жатабы?» - деп, чын-тамашасы аралаш баласына ыраазы болуп. Чындап эле курулушка керек болгон кетмен, күрөк шаймандар, идиш-аяктар мындай турсун, аялынын себи болгон көрпө-төшөктөрүн да ташып кетиптир. Курулуш учурунда анын жүрүшүнө көп күбө болдук, бир карасаң курулушчулар менен кошо таш көтөрүп жүргөн, бир карасаң бетон куюп жаткан, бир карасаң сварщик болуп ширетип жаткан, бир карасаң кранда жогоруга жүк берип жаткан, бир карасаң курулушчуларга тамак, курулушка материал издеп жүргөн.

Эң башкысы, анын ийгилиги район жетекчилерин, мекеме-ишкана башчыларын ынандырып, алардын көңүлүн курулушка бурган, адам менен сүйлөшө алган касиетинде.

Албетте, «жумушу орто жолдо калып калар бекен» деп бул кишиге көралбастык кылгандар болду. Курулуш бүткөнчө райондун жетекчиси үч жолу алмашып, анын бирөөсү "Бизге тоют керек, Манасың эмне кылып бермек эле?" деп жардам ордуна тоскоолдук кылганы да болду.

- ***Ушундай да адам болот экен да. Анын өмүр баянын таржымалдап бере аласызбы?*** – дешет.

- Айтайын. Ал көп кырдуу жигит, кызыкпаган тармагы жок. Айрыкча тарыхый материалдарга кызыгып, аларды чогултуп, анализдеп, анан өзүнүн пикирин айтат.

Мен Гыламидин Абдрахмановду ата теги жагынан ким экендигин, эне жагынан ким экендигин көп жыл жакындан иликтеп жүрүп жакшы билип калдым.

Анын баш бабалары Атабий Кокон хандыгында Алымкулду аталык даражага алып келүүдөгү белдүү бийлерден болуптур. Атасы Абдрахман орто кылымдагы Аль-Фараби, Кул-Кожо-Ахмад-Яссавий, Де-Машраф, ж.б. сыяктуу ойчул-аалымдардын чыгармаларын жатка айткан аймактагы улуу молло болуп өткөн.

Ал эми энеси Батма Кокон хандыгындагы «баатыр» (аскер башы) чин даражасында турган Атакул баатырдын урпагы, Шадыбек-аминдин кызы.

Биздин каармандын тарыхый материалдарга кызыгып, көп чогултканы да мына ушундан болуу керек.


Бул кишинин тарыхый иликтөө жаатында жасаган иштери Манасты кургандан да салмактуу, эмгектери али ачылбай турат. «Максатым, бүткүл түрк тектүү элдер бир туугандар экендигин, авал ал элдер бир эле Кыпчактар болгондугун, Кыпчактар тууралу тарыхтын өчүрүлгөнүн жандыруу, бурмаланганын түздөө, булганганын тазалоо, жалганын чалып, чындыгын ачып берүү» - дейт.

Гыламидин бир окуяны айтуудан мурда, айтыла турган ойду иликтеп, анын ак-карасын ажыратып, туурасын аныктап, катасынан тазалап, анан айтат. Ал дайыма «Манас эпикалык каарман эмес, ал тарыхта жашап ьткьн чыныгы инсан, ал биздин бабабыз» десе, өтмүш тарыхтан кабарсыз ишенбегендер да жок эмес экен.

Анын кадыр-баркы күн өткөн сайын күчөй берет.

Г.Абдрахманов 24-IX-1951-жылы Баткендин Саң-Сарай (Таш-Ордо) айылында туулган, жылдызы Тараза. Анын кандай инсан экендиги неберелерине койгон аттарынан да баамдаса болот. Элдердин биримдигине аракет кылып жүрсүн деп Элдос, элдин коргоочусу болсун деп Элчоро, элдин асмандан издегенин жерден таап берсин деп Элкуту, Элдин токчулугу үчүн аракет кылып жүрсүн деп Элтойду, кызматың элди багууга жумшалсын деп Элбак атады, неберелеринин бардыгы эле "Эл".

Манасты Гыламидин кургандыгы тууралу мезгилинде, Баткен райондук «КЫЗЫЛ ТУУ» гезитинин 2001-жыл 9-июль санына Жазгүл Жапарованын «Манасты ким курган?" деген конкурска даярдаган, Мурзапар Үсөн менен дил маек макаласы жарыяланган эле. Мен мына ошол макалага токтолуп кетейин. Бул макалада Мурзапар Үсөндүн өзүнүн да тунук адамгерчилик сапаты байкалып турат, анткени ал, элге кызмат кылган адамдарды өтө баалаган адаты менен, каарманыбыздын жүзүн ачып берүүгө далалат жасаган эле.


Баткен районунун коомдук-саясий гезити

КЫЗЫЛ ТУУ

№ 25 (2274) | 9 ИЮЛЬ, 2001-ЖЫЛ ДҮЙШӨМБҮ

Манастын курулуш тарыхын жазууга мына ушул макала да түрткү болду окшойт.

Мына ошол макаладан кийин Гыламидинге жолуксам. «Манасты курууда жардам беришкен жетекчилер, жанымда апам, аялым, балдарым, бир туугандарым, кесиптештерим болду. «"Манасты ким курду?" дегенди "Манасты кимдер курушту?" деп көрсөтүшүм керек.» - деген эле.

Авал, ошол макаладагы Мурзапар Үсөндүн «Манасты ким курган?» деген суроого карата жооп берген ой-пикирлерине назар салып көрөлү. Жазгүл Жапарова өз макаласын: «Баткен жериндеги үч айры жолдун боюндагы «Манас» скульптурасынын кандайча курулгандыгын ар ким деле билбесе керек. Мен жердешибиз, Баткен облустук жазуучулар Союзунун төрагасы Мурзапар Үсөндүн «Кан Манастын бейитин издеп…» деген китебинен «Манас» эстелигин куруунун демилгечиси, уюштуруучусу жана жетекчиси жөнүндөгү ой-толгоосун китебинен окуп, автордун өзү менен маектешүүнү чечтим.» - деп баштаптыр.


«КЫЗЫЛ ТУУ»

# Манасты ким курган?

(Диалог) КОНКУРСКА

***Кабарчы Жазгүл:* - *Мурзапар агай, «Кан Манастын бейитин издеп...» деген китебиңизде «Манас» эстелигин куруудагы окуяларды али ачпагандыгыңыз көрүнүп турат. Ал эстелик кандайча, кантип, кимдин жетекчилигинде курулгандыгына токтолуп кетсеңиз?***

***Мурзапар Үсөн:*** - «Кан Манастын бейитин издеп...» китебимдеги каарманымды «Манас» эстелигинен айрып айтууга болбойт. Ошондуктан аны баштан айтайын.

Эрдик согушта гана жаралбайт, ал турмуштун ар кадамында күтүлүүчү нерсе. Согушта эрдик кокустан, же айласыздан жасалышы мүмкүн. Ал эми бейкутчулукта эрки катуу, элим-жерим деген атуулдук сезими бар, алдым-жуттумга барбаган, бөттөгөнин бербеген жолборс мүнөз адам гана эрдик жасай алат. Адамдардын жасаган жумуштарынан улам, аларды «касиеттүү», же «кесепеттүү» деп коюшат эмеспи. Мына ошондой касиеттүү адамдар бийликте болушса, эл-жер үчүн көп нерселер жасалат. Ал эми кесепеттүүлөрдүн кесепетинен эч нерсе жасалбайт, жемей, уурдамай күчөп, эл азабы арылбай тура берет.

«Манас» эстелигин куруу мамлекеттик планда жок эле, аны куруу үчүн атайын каражат да жок болучу. Биз Гыламидин Абдрахмановдун атуулдук касиеттерин, анын түзгөн «Мурас» тарыхый уюмунда бирге аракеттенип жүрүп жакшы билип калганбыз. Тарыхый табылгаларыбызды чогуу талкуулап жүргөн күндөрдүн биринде, анын «Манас» баатыр эстелигин Баткен жергесинде куруу жөнүндөгү демилгесин биз да аткарылбачудай кабыл алганбыз. Анын Тургунбай агабыздын алдына бир канча жолу барып, ал кишинин «каржы жок кантип курулмак эле» деген сөзүнө болбой эле «бардыгын өзүм жасайм» деп көгөрүп, аны курулуш ишине баш-көз болуп берүүгө көндүргөнү эле, анын бирөөнү кайсы бир улуу ишке багыттоого көндүрө алган жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп турат. Баштаган ишке баш-оту менен кирип, аягына чыгармай адатын, чилденин каарына карабай Исфарадан чиркегичи бар машинага гипсти өзү жүктөп Бишкекке алып баргандыгынан эле көрсө болот.

Эстеликтин курулуш иштеринин жүрүшүндө тез-тез барып кабар алып, бул жигиттин аракетине таң калчубуз. Андай оор жумушка акысыз иштетүү, райондогу айрым мекеме-ишканалардын жетекчилерин көндүрүп жардамга чакыруу да ар кимдин эле колунан келе бербейт болчу.

Скульптура тоонун үстүнө курулуп, салмагы 400 тоннанын айланасында болсо керек эле. Адамдар тегиз жерде пайдубал куралбай жатса, биздин каарманыбыз ошончо жүктү тоонун башына көтөрүп чыгарып курганын элестетип көрүңүз, канчалык энергия, канчалык күч, канчалык уюштуруучулук, бул - баатырлык эмей эмне?

Бул курулушка бир да архитектор, бир да адиси бар курулушчу катышпагандыгы, ширетүү иштери, жогорку чеберчиликти талап кылган аппаловкаларды жана формаларды кыналаштырып коюу иштери, не деген укмуш, сөз менен аны түшүндүрүү да кыйын. Өзүңүз ойлоп көрүңүз, эстеликтин ичинде арматуралар тор токулгандай токулуп, бир-бирине ширетилген. Ал эми андагы колдун, буттун, ажыдаардын, кылычтын ичиндеги швелерлерди камырдай ийип, анын сыртынан бетон куйууну элестетиңизчи. Бир барсак, Тургунбай агабыздын туушкан иниси Абдрахман Эрматов экөө түрдүү түстөгү кирпич бетондорду куюшуп, ошонун бышыктыгын текшерип олтурушат. Ал кирпичти ошол кызымтал тоонун өңүнө окшоштуруу керек экен, мына лабо336ратория дедим. Ошол бетондордун ичинен эң бышыгын жана тоого окшошун тандап, ошондой кошулмадагы бетон менен эстеликтин ичиндеги темирлерди бекитип куюшат экен.

Скульптуранын постаментинин үчтөн эки бөлүгүн кол менен, ташты, кумду, цементти, жогору көтөрүп чыгышып бүткөрүштү. Бир жолу кабар алганы келсек, ал жерде иштеген жигиттерге дем күч берип, каарманыбыз өзү жогору карай таш көтөрүп иштеп жатыптыр.

Кийинчерээк автокран орнотушту.

Курулуштун жүрүшүн башынан аягына чейин Туйгунов Акпарали досубуздун сүрөткө тартышы да эрдик болду.

Анткени, курулуш чындап эрдик экендигин фотосүрөттөр да көрсөтүп, баяндап турат.

***Кабарчы: - Мурзапар агай, ушунчаалык албан ири курулуш мамлекет тарабынан каржыланбаса, атайын долбоор болбосо, атайын адистер катышпаса, курулуш материалдары кандай каражатка алынып жатты, курулушка катышкан азаматтардын тамак-ашы кайдан келип жатты?***

***Мурзапар Үсөн:*** - Гыламидин айтчу: «Курулуштун башталарда Ош облаткомунан берилген акча алгачкы цемент, күйүүчү майга жарап берген. Ал акчага буюм теримдерди таап берүүдө Сейтказиев Имамали аке жакшы жардам берип турду» - дечү. Бирок ал каражат, көлдү толтуруудагы чөмүчтөгү суудай эле болуп калган эле. Курулуш материалдары суранып, жалданып болсо да табылып жатканы менен, курулушта иштегендердин ыссык тамагы курч маселе болуп турган. Биз барганда каарманыбыз ким кантип жардам берип жатканын сыймыктанып айтып калар эле, ошол адамдардын жардамы тууралу жазылып калар бекен дегени го. Айтып олтурса, кудайга шүгүр, жакшы адамдардан уучубуз куру эмес экен. Тамак-ашты Гыламидин үйүнөн ташып жеткире албай турганда, «Кызыл-Бел» адистештирилген чарбасынын директору Жолдошбай Момунов жакшы эле каралашып турду. Бирок ал киши курулуштун биринчи жылы аяктаганда кайтыш болуп кетет. Ошондо каарманыбыз Гыламидин, адамды кайсы бир жумушка ынандыруу касиетин дагын бир жолу көрсөтөт. Ал жумушчулардын тамак ашын чечүүдө Баткен райондук финансы бөлүмүнүн башчысы Ормонов Жалилди алып Ош областтык финансы бөлүмүнүн башчысы Эсен Мырзакалиловго кирип, командировочный дедиртип аз да болсо акча бөлдүртүп келет. Бирок ал да жетпей турганда, «Кызыл-Бел» чарбасына жетекчи болуп Сайназаров Токсон аке келгенде, «тамак-ашыбыз бир аз жанданып калды» - деп, жаш баладай сүйүнүп алыптыр, каарманбыз.

Электр энергиясы менен камсыз кылып берген РЭСтин начальниги Кудайбердиев Кадыр Шариповичти, жолго шагыл төшөп, тегиздиктен тоонун үстүнө чейин жол салып берген ДЭУнун начальниги Сафаров Камалдинди, суу менен

камсыз кылып берген Сельводснабжениенин начальниги Мамадиев Ысман акени, ток менен иштөөчү автокранды берип турган ПМКнын начальниги Мадалиев Акжолду каармаными сыймык менен оозго алар эле. Курулуш ишине чындап өтө көп курулуш материалдары керек болгон. Арматураларды, машиналардын рамдарын алып келгенин мындай койолу, айкелдин өзөгү үчүн сатыкта жок шахтага колдонулчу швеллерлерди алып келгени эле үрөйдү учурат. Каарманыбыз үч жылдык өрүгүн сатып жиберип 32 даана швеллер алып келди эле, анысы жетпей, жаңы машинасын сатып жиберип, дагын 33 даана алып келет. Башкалар үй, дүкөн салып, бай жашоонун аракетинде жүрсө, биздин каарман бүт тапканын Манас курулушуна жумшап олтурса, мындай аламга кантип таазим кылбай койо аласың.

***Кабарчы:*** ***- Мурзапар агай, сөзүңүзгө аралжы, айтыңызчы, бул киши кандай адам өзү, жакын жүрөсүз?***

***Мурзапар Үсөн:*** - Канчалык элге керектүү жумуш жасаса, ошонусуна кумарланган жигит. Атасы ыраматылык, алгачкы колхозду уюштуруучулардан болуп, согуш мезгилинде бүтүндөй малы-мүлкүн сатып, согушка салым катары бир танкага акча төккөн экен. Мусулман китептерин көп окуган молдо болуп, айылдагы болобу, өткөн-кеткен болобу, бей-бечараларга жардам көрсөтө берчү экен. Ал кишинин бир иниси милиция тармагында иштесе, бир иниси согушка барып кайтпай калат, ал эми кичүү иниси Каимов Имат Берлинге чейин барып, оор жаракат алып келет. Биздин каарманыбыздын мүнөзүн ушундай чөйрө да жаратса керек.

«Манас» скульптурасынын ачылыш аземинде, дагын эле өз жанынан, курулушчуларга сый тамак уюштуруп, ошондогу курулушчулар алдындагы мындай деген сөзү эсимде: «Бул эстелик бирөөлөр үчүн Тургунбай Садыков агабыздын скульптурасы, дагын бирөөлөр үчүн Манас атабыздын эстелиги, ал эми мен үчүн менин силерге жасаган үч жылдык мамилемдин эстелиги. Силер үй-тиричилигиңерди таштап, айтканымды эки кылбай мени

менен кошо иштедиңер, бирөө жарымыңарга катуу тийген болсом, үзүр сурайм. Бул эстелик канча күн турса, силер ошончо күн элди элин-жерин сүйүүгө чакырып турасыңар. Менин силердин алдыңарда карызым, силердин эмгегиңерди тарыхта калтыруу үчүн китеп жазып, атыңарды темирге жаздырып эстеликтин бир жерине кадап койуу. Силерге чын дилимен ыраазымын, ырахмат!» - деген болучу.

Каарманыбыздын бул айтканын да аткарышынан күмөн санабаса болот, ал сөздүн үстүнөн чыккан жигит.

***Кабарчы: - Мырзапар агай, угушубузга караганда, Сиздин каарманыңыз убагында акимдин биринчи орун басары болуп туруп көп курулуш иштерин бүтүргөн деп жүрүшөт.***

***Мурзапар Үсөн:*** - Ал акимдин биринчи орун басары боло электе да көп жумуштарды бүтүргөн. Маданият үйүнөн мейманканага чейинки таштанды ташталган жерди оңдоп, дагын эле мамлекеттен акча албастан ашар жолу менен имараттарды куруп салды, айланасын тосуп парк кылды. Таш скульптураларды жасатып борбордун көркүн ачты. Музей ачам деп, ашар жолу менен имарат курдурду, аны бүтүрүүгө Дастан Бердиев чоң көмөк берди, анысы «карим табат, көрүм жейт» болуп, Майрам Акаевага урмат катары «Мэрим» фондусуна берип жиберишти. Бир күнү шаарыбызга өз күчүм менен тарых музейин салам деп чыгынып алган экен, кийин билсем, музей үчүн шаар ичинде жер жок имиш, мына сага замана деп калдым.

Биздин каарманыбыздын бир адаты, кары болобу, жаш болобу, улуту башка болобу, элге кызмат өтөгөндөр менен достошуп, ымалашып кетет. Райондогу крановщикпи, бульдозерчиби, ширетүүчүбү, алардын үйлөрүнө барып, алардын анча-мынча проблемаларын өзүнө алып, аларды райондогу кайсы бир олуттуу жумуштарга пайдаланууга жетишчү. Анын аралашуусу менен ооруканалар, мектептер, базарлар, каналдар, суу түтүктөрү оңолуп курулганын жакшы билебиз, өзүнчө китеп кылып жазса да болот.

Гыламидин Абдрахманов коомдук иштердин алдында, Коргоо Министрлигинин 7-резервдик полкунун командир орун басары, запастагы аскер майору.

***Кабарчы:*** - ***Мырзапар агай, Сизге толук эле түшүнгөндөй болдум. Айтыңызчы, «Манас» эстелиги азыр кандай камкордукта турат деп ойлойсуз?***

***Мурзапар Үсөн:*** - Бул эстеликти атайын коргоого алуу үчүн биздин каарманыбыз көп аракеттерди жасап жүргөн. Анын айланасы боюнча комплекстүү проект иштеп чыгып, аны ар тараптуу талкуулап, адистер менен макулдашып, аны бекиткенден кийин гана скульпторлорду, ишкерлерди чакырып иш баштайм деп жүрчү. Бул процедуралардын көбүн Гыламидин бүтүрүп койсо керек эле. Тоонун үстү, айланасы Манаска тиешелүү скульптуралар менен толукталып, түштүк тарабы скульптура, маданият, тарых, сейил багы болуп, ал эми түндүк тарабы тейлөөчү аймак болуп пландаштырып жүргөн, ага атайын чечим да чыккан. Бул максаттар колго алынбастан, туугандашып кеттиби, түндүк тарабы совхоздун айдоо жер балансасында болбосо да үлүшкө деп берилип кетти. Келечекте ал жерлер албетте маданий корук болот, бир топ убарагерчилик да болот.

Каарманыбыз эстелик айланасын көрктөндүрүү үчүн скважинадан суу чыгарып, таза суу, электр энергиясын жеткирип, түнү прожекторлор менен эстеликти жарытып койду. Кийин свети өчүп, суусу чыкпай калыптыр. Айлык төлөбөсө да чака менен суу куюшуп бак, гүл өстүрүп, тазалап турган каарманыбыздын бир тууганы Ташкан-эже менен күйөөсү Каламбек-аванын эмгектери да эрдик.

Биздин каарманыбыз мезгилинде өзүнүн бир тууган Ташкан эжесин чакырып, «мага Сиз көмөктөшпөсөңүз ким көмөктөшөт» деп, курулушка ашпозчу, Манаска кароол кылып алып келип, бир вагонетканы берип олтургузуп койгон эле. Кийин эжесине айлык таап берейин деп бийлик бутактарына кайрылса, «Манасты бирөө көтөрүп кетмек беле» деп жооп бериштир. Ошого карабастан Манастын айланасын көрктөндүрүп, гүлдөтүп, шыпырып тазалап «шайык» болуп олтурушат.

Борбордо Манас эстелигинин алдында Президент ант берип олтурса, эстеликтин натурасы ООНдун залында турса, улуттук акчабыздын ажарын ачып турса, ал эми Баткенде бул эстелик алдына конокторбу, жаңы

үйлөнгөндөрбү келишип эс алып, чээр жазып кетип жатышса, биздин «Манас» эстелигине карата мамилебиз, өзүбүздүн руханий деңгээлибизди көрсөтүп койот экен.

«Төрөлгөн баланы төрөгөн эне гана асырай алат» демекчи, ал жердин ажарын Гыламидиндин деңгээлиндей эч ким ача албайт деп ойлойм.

***Кабарчы: - Мырзапар агай, акыркы суроом. Бул Манас эстелиги эч жерде катталганбы?***

***Мурзапар Үсөн:*** - Гыламидин экөөбүздүн Манас тууралу топтогон маалыматтарыбызды "Манас" энциклопедиясы даярдалып жатканда жооптуу кызматкерлерге тапшырсак, Гыламидин «скромничит» этип, «Манас» эстелиги, «Мурас» тарыхый иликтөө уюму тууралу маалыматтарды бербей коюптур, аны анан мен берип, өзүмүн чыгармама да кийрип жатпаймбы. Анын энциклопедияга берген маалыматтарына, айрыкча Анжиян шаары тууралу маалыматына карап, анын аты-жөнү авторлордун көч башына коюлган.

Бул «Манас» эстелиги, мамлекеттик эмес «Саң-Сарай» тарыхый этнографиялык музей коругунун балансасында турат. Ал музей корукту да ушул Гыламидин уюштурду. Анын аймагындагы Ак-Таш тоочосунда байыркы сүрөттөр арбын кезигет. Биздин карман аларды «кыргыздын байыркы таш паспорттору» деп койот.

***Кабарчы: - Ырахмат, Мурзапар агай, куруп берген маегиңизге! Бул курулуш жөнүндө окурмандар кыйла түшүнүк алып калар деп ойлойм.***

Мурзапар агабыздын Гыламидинге берген баасы, гезитте макала болуп ушинтип берилген.

Эки томдук «Манас» энциклопедиясында мындайча берилген: «Баткендеги Манас айкели академик Тургунбай Садыковдун скульптурасынын көчүрмөсү. Баткен районундагы Базар-Башы айылынын түндүгүндө, Өзбек, Тажик республикаларына кеткен жолдор кесилишинде тоонун үстүнө орнотулган. Узуну 13 м., бийиктиги 16,5 м., туурасы 3,5 м., салмагы 360 тонна айланасында. 1989-92-жылдары райондук маданият кызматкерлеринин жеткчиси Гыламидин Абдрахмановдун уюштуруусунда жасалган».

Анын тарыхый гана эмес, тарбиялык макалалары борбордук гезиттерде байма-бай чыгып, кандай инсан экендиги учкул сөздөрүнүн да байкалып турат.

*Тарыхын жоготкон эл, куураган дарак сымал,*
*башкалардын очогунда отун болууга гана жарайт.*

***Элин коргоп эр болуу – Эне сүтүн актаганы.***
***Жерин коргоп шер болуу – Ата намысын сактаганы.***

***Эл тарыхын айта жүр, элиң сени эскерер.***
***Бабалар даңкын айта жүр, балдарың сени эскерер.***

***Тарых тепкичи канчалык бийик болсо,***
***келечек ошончолук кенен көрүнөт.***

***Өз тарыхына кайдыгерлик пастык болор.***
***Сенин тарыхыңа кайдыгерлик кастык болор.***

***Эл тарыхын билбеген, ата-энесин унутат,***
***Жер тарыхын билбеген, айбан болуп улунат.***

***Ата тарбиясын көрбөгөн,***
***Кадыр-баркка жетеби?***
***Эне мээримин татпаган,***
***Эркелегенди билеби?***

***Басалбай жатып тердеген,***
***Унаа болуп жалчыбайт.***
***Озунуп салам бербеген,***
***Адам болуп жарыбайт.***

***Бакыл адам - тууган болсо да кас,***
***Накыл адам - бегана болсо да дос.***

***Кара чыкса данынан, наның бузулар,***
***Жаман чыкса арааңан, элиң бузулар.***

***Араңардан бакыл чыкса, бытырайсың,***
***Башыңарда накыл турса, бапырайсың.***

***Токулуу эшек кепшебейт,***
***Тукумдуу аток семирбейт.***

***Кой аксагы менен миң болбой калсын,***
***Адам акмагы менен журт болбой калсын.***

*Асылган сүткө жетпестен,*
*«Сасык» деген мышык болор,*
*Акыл сөздү түшүнбөстөн,*
*«Тантык» деген наадан болор.*

***Унутпагын:** Сага болгон жакшылыкты.*
*Өзүңөн кеткен каталыкты.*
***Унуткун:** Сага жасалган жамандыкты,*
*Өзүң жасаган жакшылыкты.*

*Жакшыга жакшылык кылсаң,*
*сен тууралуу айтат, жакшылыгың кайтат.*
*Жаманга жакшылык кылсаң,*
*сен тууралуу айтпайт, жакшылыгың кайтпайт.*

*Бирөөнү алдаганың – өзүңдү алдаганың,*
*Алдоого барганың – туңгуюкка камалганың.*

*Замандын тамыры - тарых, мөмөсү - келечек.*

*Чеги жоктон аалам бар, түбү жоктон илим бар*

Анын бул учкул сөздөрүнүн ичинен,
«Элин коргоп эр болуу – Эне сүтүн актаганы.
Жерин коргоп шер болуу – Ата намысын сактаганы»
деген сөзү көп жылдар бою Баткен шаарынын батышында, Лейлек тараптан келе жаткан жагында жазылып турчу.

Биздин каарманыбыз менен бирге иштешкен, бирге жүргөн, аны менен жакындан маек курган, жок эле дегенде анын жасагандарына сырттан болсо да назар салган адамдар анын ким экендигин урмат кыла эскерип келишет.

Мамлекеттен тыйын албай «Манасты» курууда эмне деген гана эмгек, эмне деген нерв, канчалаган акча кетпеди, уюштуруучулук, максатка жетүү, айтор бүгүнкү күндөрү эртели кеч бул жерде болуп жаткан элдин берген баасы күн өткөн сайын жогорулап жатса, бул эмгекке карата кайсы бийлик болсо да өз баасын берип койсо жакшы болмок.

**Жусуп Айдартеги.**
***Кыргызстан Улуттук***
***Жазуучулар Союзунун мүчөсү.***




«Манас» айкели, мына ушул эки достун аракетинин эстелиги да болуп [illegible]

БАТКЕН ОБЛУСТУК КИТЕПКАНАСЫ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА



Ар бир иш ийне-жибине чейин макулдашылып,
анан жасалып жатты.



Мадалиев Акжол менен Сафаров Камалдин жардамдарын
сыймыктануу менен эскерилет.



Максатка жетүүдө Гыламидин дайыма шымалана кирет.
Арт жакта жатакана, ашканалары.



Жигиттерин шердентип, өзү кошо иштечү.



Курулуштун ар бир деталын контролдоп турар эле.



Анын төрт жыл ичинде ойлонбогон, кыйналбаган күнү болбоду окшойт.



Москвадан «Время» берүүсүнүн кабарчысы Федоров финансы базасы жок болсо курулуш материалдар кайдан табылып, акча албай жумушчулар кандай духта иштеп жатканына кызыкты.



Солдон оңго: Биздин каарман, Москва «Время» берүүсүнүн кабарчысы Федоров, райком партиянын 3-катчысы Бокоева Б.А., Академик скульптор, Кыргыз Эл Баатыры Тургунбай Садыков, Федоровдун оператору, ишкер Исаков Анарбай.



**Солдон: Гыламидиндин уулу Аскарбек, Акматов Жигитали Калыкович, Сабыр, Абдыманнап, Ысмайыл, ..
Каарманыбыз буларды «Менин лашкарларим» - деп койчу.**



**«Ишиң жүрүшө баштаганда, кебетең да оңоло баштайт экен» деп тамашалап койчу.**

*Баткендеги Гыламидин Абдрахмановго арнайм*

## ЭСТЕЛИГИ БАТКЕНДЕГИ МАНАСТЫН

Суктанышсын, таңданышсын, карашсын,
Кеп-сөз кылып анда-мында талашсын,
Эртеңкиге жол аччуудай заңкайып –
Турат ана, эстелиги Манастын!

Турат ана, тогуз жолдун тоомунда,
Сүрүн туюп келбөөчүдөй жоо мында.
Ырас бүгүн керек бизге ынтымак
Ынкылапчыл урпактардын доорунда!

Манас ата жалаңдатып кылычын,
Аттангандай коргоп элдин ырысын,
Урпагына баратабы жол ачып –
Кылымдарды таңдандыраар күн үчүн?

Каршы турар душман чыкпас астынан,
Ай-ааламга алып учсун Аккулаң,
Кылымдарды дүңгүрөтүп кыргыздар –
Уул төрөлсүн өзүң сыңар калкынан!

Суктанышсын, таңданышсын, карашсын,
Кеп-сөз кылып анда-мында талашсын.
Эртеңиме жол аччуудай заңкаят –
Эстелиги Баткендеги Манастын!

*Маркбай Ааматов, акын, КРнын*
*Маданиятына эмгек сиңирген ишмер*



**Ормонов Жалил (Али) Калпаевич.**
***1989-95-жылдары Баткен райондук финансы бөлүмүнүн башчысы***

Ормонов Ж.К.: «Союз мезгилинде райондун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө контролдук цифра (сумма) республиканын Финансы Министрлиги тарабынан ар бир статьясы бекитилип берилчү. Ал статьяларды эч ким өзгөртө албай, бир тыйын башка максатка жумшалбайт эле. 1989-92-жылдары республикалык жана райондук бюджетте «Манасты» Баткенде курууга акча каралган эмес. Ал мезгилде Союз ыдырай баштап, акча каражаты кескин дефицит боло баштаган. Мына ушундай мезгилде, эч кандай долбоору же финансылык каражаты жок, Г.Абдрахманов өз күчү, уюштуруучулугу менен «Манас» скульптурасын, район борборунда маданият үйүнөн мейманканага чейинки аралыкты тосуп, маданият борбору деп имараттарды курду, жылытуу системаларын жасап, музей курган эле. Бул кишидей эч ким иштей элек, балким иштей да алышпайт болуу керек. Анын зоболосу күн өткөн сайын жогорулап, аты сыймык менен аталып кала берет деп ойлойм» – деп айтат.



Типография управления делами Президента
Кыргызской Республики